# Административдик кеңештин жыйынынын

# ПРОТОКОЛУНУН КӨЧҮРМӨСҮ

23.10.2023-жыл. № 9 Жалал-Абад шаары
Төрага – Усенов К.Ж.
Катчысы - Ырысбай к.С.
Катышкандар: ЖАМУнун Административдик кеңешинин 32 мүчөсүнүн 27 мүчөсү.
Чакырылгандар: "Ден соолук" спорт борборунун директору Н.Абдурахимов.
Жыйынга жалпы 28 киши катышты.

**Күн тартиби:**

1. Билим берүү программаларынын рейтинги боюнча Г.Т.Маматованын маалыматы.

**1-маселе**
**Угулду:**
**Г.Т.Маматова-ЛАжББСБ башчысы**: Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде 2022-2023-окуу жылындагы билим берүү программаларына жүргүзүлгөн мониторинг боюнча төмөндөгүлөрдү айтты:

**Э.Уметов атындагы педагогикалык факультети**

2023-жылдын 9-январындагы ЖАМУнун №6 буйругунун негизинде бекитилген график боюнча 2023-жылдын 18-январдан баштап билим берүү программаларынын лицензиялык талаптардын аткарылышын көзөмөлдөө, аккредитацияга даярдыгын, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында ички мониторинг жүргүзүлүп, жыйынтыгы тактама иретинде ар бир жетекчиге берилди.

Кафедра/ПЦКларга текшерүүнүн төмөндөгүдөй критерийлери берилген:
1. Адистиктин/багыттын өнүгүүсүнүн стратегиялык планынын болуусу (кафедрада, факультетте каралган протоколунун №, датасы, иш берүүчүлөрдүн катышуусу, сунуштары)
2. Билим берүү ишмердүүлүгүн ишке ашыруу үчүн негиз болгон нормативдик-уюштуруучу-буйрутмалоочу документтердин болуусу(КР ББИМ, ЖАМУнун жоболору, регламенттер, буйруктар, буйрутмалардын тизмеси жана түп нускасы же көчүрмөлөрү)
3. Кафедрада/ПЦКда ишке ашырылып жаткан билим берүү программасынын лицензияларынын болушу (номери, тиркемеси, чечимдин датасы, жарактуулук мөөнөтү)
4. Тиешелүү адистик боюнча негизги билим берүү программасы (бекитилген негизги билим берүү программасы, жобого дал келиши, бүтүрүүчүнүн моделинин болушу, ЖАМУнун сайтына жайгаштырылышы)
5. Кафедрага/ПЦКда ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын окуу пландарынын жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын болушу (2015, 2021,2022-жылдары бекитилген МББС, базалык, жумушчу окуу пландары, студенттердин тандоосундагы дисциплиналрдын тандалгандыгы тууралуу протоколдору, окуу пландарын талкуулангандыгы боюнча протоколдор, фото материалдар)
6. Кафедранын/ПЦКнын 2022-2023-окуу жылындагы бекитилген иш пландары жана алардын кафедра мүчөлөрүнө жеткирилиши (адистиктин/багыттын окумуштуулар (педагогикалык) кеңешинин, окуу-усулдук кеңештин, сапат боюнча кеңештин иш пландары жана пландаштырылган иштердин аткарылгандыгы, иш пландарда көрсөтүлгөн иш чаралардын аткарылышы жөнүндөгү иш кагаздарынын тастыктоочу материалдардын болушу)
7. Кафедрада/ПЦК жайгашкан окуу корпусунун документтеринин болушу(тиешелүү органдар тарабынан берилген мамлекеттик жер участкасынын актыларынын, техникалык паспортторунун жана имараттардын билим берүүгө жарактуулугу жөнүндөгү санитардык-эпидемиологиялык, өрткө каршы көзөмөлдөө кызматтарынын актыларынын көчүрмөлөрү)
8. Кафедрага/ПЦКга тиешелүү окуу аудиториялары боюнча маалыматтардын болушу(жайгашуу пландары, лекциялык залдар, лабораториялык, практикалык сабактар

киргизилгендиги (акт внедрения НИР) боюнча материалдарды тактоо, кош дипломдуу адистерди даярдоонун үстүндө иш алып баруу, окуу-методикалык комплекстерди, университеттин сайтындагы кафедранын баракчасын өз учурунда жаңылоо, толуктоо, *заманбап адистик боюнча программалык камсыздоонун жоктугу*

**-640200 Электроэнергетика жана электротехника багытынын:** Электр менен камсыздоо (тармактар боюнча), Электроэнергетикалык системалар жана түйүндөр профилдери; *лабораторияларды заман талабына ылайык модернизациялоо, студенттердин санын көбөйтүүнүн үстүндө* системалуу иш алып баруу, академиялык мобилдүүлүк, электрондук окуу китептерин көбөйтүүнүн үстүндө иш алып баруу, илимий изилдөөлөрдүн окуу процессине киргизилгендиги (акт внедрения НИР) боюнча материалдарды тактоо, студенттердин *квалификациялык* жумуштарынын актуалдуулугуна, өндүрүш менен шайкештигине, сапатына көңүл буруу, окуу-методикалык комплекстерди, кош дипломдуу адистерди даярдоонун үстүндө иш алып баруу, *заманбап адистик боюнча программалык камсыздоо.*

**-760300 Технотөгөрөктүк коопсуздук багытынын** Өзгөчө кырдаалдардан коргоо профили, Заманбап лабораториялардын жоктугу, *студенттердин санын көбөйтүүнүн* үстүндө системалуу иш алып баруу, академиялык мобилдүүлүк, электрондук окуу китептерин көбөйтүүнүн үстүндө иш алып баруу, илимий изилдөөлөрдүн окуу процессине киргизилгендиги (акт внедрения НИР) боюнча материалдарды тактоо, окуу-методикалык комплекстерди, кош дипломдуу адистерди даярдоонун үстүндө иш алып баруу, заманбап адистик боюнча программалык камсыздоонун жоктугу, илимий даражалуу адистерди тартууну колго алуу

**630400 Нефтигаз иштери багытынын** Нефти жана газ чыккан жерлерди иштетүү жана пайдалануу профилин-Заманбап лабораториялардын жоктугу, *студенттердин санын көбөйтүүнүн* үстүндө системалуу иш алып баруу, академиялык мобилдүүлүк, электрондук окуу китептерин көбөйтүүнүн үстүндө иш алып баруу, илимий изилдөөлөрдүн окуу процессине киргизилгендиги (акт внедрения НИР) боюнча материалдарды тактоо, окуу-методикалык комплекстерди, кош дипломдуу адистерди даярдоонун үстүндө иш алып баруу, заманбап адистик боюнча программалык камсыздоонун жоктугу, илимий даражалуу адистерди тартууну колго алуу

**Медициналык факультети**

**-560001 Дарылоо иши, Дарылоо иши (чет өлкөлүк жарандар үчүн):**

-Кыргызстандагы жана чет өлкөлүк окуу жайлар менен байланыш түзүүнүн үстүндө иштөө, 560001 Дарылоо иши, Дарылоо иши (чет өлкөлүк жарандар үчүн) адистиктери боюнча кафедраларга бекитилген предметтерден басмадан чыккан окуу китептеринин, электрондук окуу китептеринин саны жана анын ичинде кафедралардын окутуучулары тарабынан чыгарылган окуу китептери боюнча анализ жүргүзүү жана кафедралардын жыйынында талкуулоо, протоколдоштуруу.

-Билим берүү программасы боюнча библиотекалык-маалыматтык фондду акыркы 10 жыл ичинде чыгарылган электрондук окуу китептери менен толуктоону улантуу, адистик боюнча электрондук окуу китептерин көбөйтүүнүн үстүндө иш алып баруу, окутуучулардын жана студенттердин *мобилдүүлүгүн* документтештирилген негизде жүргүзүү

-Окутуучулардын билимин өркүндөтүү курстары боюнча иш чаралардын планын түзүү, бекитүү жана иш жүзүнө ашыруу;

-ЖАМУнун сайтында кафедранын ар бир окутуучусу жөнүндө, алардын базалык билими, окуу-усулдук эмгектери, аткарган иштери боюнча толук маалымат жүктөө;
Кафедраларда *илимий* даражалуу окутуучулардын санын лицензиялык талаптарга ылайык келтирүүнүн үстүндө иштөө
-*Ийримдеринин* мүчөлөрү катышкан иш чаралар, жетекчилери боюнча, студенттердин илимий изилдөө иштери боюнча маалыматтар, тастыктоочу материалдар толуктоо, окуу-методикалык комплекстерди, университеттин сайтындагы кафедранын баракчасын өз учурунда жаңылоо, толуктоо, *кош дипломдуу адистерди* даярдоонун үстүндө иш алып баруу, илимий изилдөөлөрдүн окуу процессине киргизилгендиги (акт внедрения НИР) боюнча материалдарды тактоо
**-560005 Фармация адистиктеринин**
-Кафедрада *илимий* даражалуу окутуучулардын санын лицензиялык талаптарга ылайык келтирүүнүн үстүндө иштөө. Ийримдеринин мүчөлөрү катышкан иш чаралар, жетекчилери боюнча, студенттердин илимий изилдөө иштери боюнча маалыматтар, тастыктоочу материалдар толуктоо, студенттерди кабыл алуунун үстүндө иш алып баруу, илимий изилдөөлөрдүн окуу процессине киргизилгендиги (*акт внедрения* НИР) боюнча материалдарды тактоо, окуу-методикалык комплекстерди, университеттин сайтындагы кафедранын баракчасын өз учурунда жаңылоо, толуктоо. *Адистик боюнча заманбап* программалык камсыздоону сатып алуу.
Медициналык колледжи
2023-24-январь күндөрү Медициналык колледждин 4 ПЦКнын 4 билим берүү программасы каралды
**Сунуштар:** стратегиялык өнүгүү планын иш берүүчүлөрдүн катышуусу жана алардын сунуштарын эске алуу менен ПЦКнын жыйынында талкуулап, окуу жылдарына бөлүштүрүп иштеп чыгуу жана бекитүү
-2022-2023-окуу жылында ЖАМУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнөн келген буйруктарды, буйрутмаларды ПЦКнын жыйынында талкуулангандыгы, буйрутмалардын аткарылгандыгы боюнча маалыматтарды толуктоо
-ПЦКлардын жыйындарынын протокол журналдарын иретке келтирүү
-ЖАМУнун сайтындагы маалыматтарды жаңылоо
-Билим берүү программалары боюнча библиотекалык-маалыматтык фондду акыркы 10 жыл ичинде чыгарылган электрондук окуу китептери менен толуктоону улантуу,
*-Адистик боюнча электрондук окуу китептерин көбөйтүүнүн үстүндө иш алып баруу*
-Академиялык мобилдүүлүктү жолго салуу
**Жалал-Абад колледжи**
2023-жылдын 18-январдан баштап Жалал-Абад колледжинин 11 ПЦКнын 13 билим берүү программаларынынын иш-кагаздары текшерилди. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча сунуштар берилди.
Кетирилген кемчиликтер өз учурунда оңдолуп, 8 адистик көз карандысыз БИЛИМ СТАНДАРТ агенттигинен ийгиликтүү 5 жылга аккредитациядан өттү.
1) Илимий иштерге көңүл буруу: ПЦКларда окутуучулардын портфолиосунда аспиранттараны аяктаган, изденүүчүлөр жөнүндө жана жарык көргөн илимий макалалардын көчүрмөлөрү жайгаштырылса
2) Иш планда көрсөтүлгөн иш чаралардын аткарылышы боюнча тастыктоочу материалдарды толуктоо жана ПЦКнын жыйынында ар бир ЖАМУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнөн келген буйруктарды, буйрутмаларды иш чараларды талкуулоо сунушталат
3) Адистиктер боюнча библиотекалык-маалыматтык фондду акыркы 10 жыл ичинде чыгарылган электрондук окуу китептери менен толуктоону улантуу, адистик боюнча окуу китептерин көбөйтүүнүн үстүндө иш алып баруу

Экономикалык-юридикалык колледжи
3 ПЦК, 6 билим берүү программасы
040101 Социалдык иш
080110 Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча)
080106 Каржы (тармактар боюнча)
080107 Салык жана салык салуу
080108 Банк иши
030503 Укук таануу
2023-жылдын 18-январдан баштап Жалал-Абад колледжи менен 3 ПЦКнын 6 билим берүү программаларынынын иш-кагаздары текшерилди. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча сунуштар берилди. Кетирилген кемчиликтер өз учурунда оңдолуп, 2 адистик көз карандысыз БИЛИМ СТАНДАРТ агенттигинен ийгиликтүү 5 жылга аккредитациядан өттү. *Кесиптик заманбап программалык камсыздоону сатып алуу.* (1-С бухгалтерия ж.б.)

**Магистратура**

-550700 Педагогика багытынын магистратура боюнча ЖАМУнун сайтында НББПсынын туура жайгаштыруу
-550500 Физика-математикалык билим берүү багытынын Физика профилине магистранттарды *кабыл алууну* колго алуу
-550100 Табигый-илимий билим берүү багыты боюнча *География профилине* магистранттарды кабыл алууну колго алуу
-550300 Филологиялык билим берүү багыты боюнча *заманбап* лабораториялардын түзүү боюнча заявка берүү

**Сунуштар**

-Мезгилдүү басылмалардын фондун түзүү
-Заманбап технологияларды колдонуу менен жаңы тиркемелерди иштеп чыгуу
-Стажировкаларды уюштуруу
1)Билим берүү программасын миссиясы ЖАМУнун миссиясына шайкеш келүүсү
2)Адистиктин, багыттын стратегиялык иш планынын университеттин стратегиялык планынан келип чыгышы
3)Билим берүү программасын *өнүктүрүүнүн* жол картасын иштеп чыгуу
4) Заманбап адистик боюнча *программалык* камсыздоого заявка берүү
5) Бүтүрүүчүлөрдүн моделин иштеп чыгуу (модулдук кредиттик технология боюнча)
6) Окутуучулардын жана студенттердин *мобилдүүлүгүнүн* алкагында иш чараларды уюштуруу жана алардын жакынкы чет өлкөлүк окуу жайлар менен ишке ашырууну улантуу
7) *Кош дипломдуу* программалар боюнча иш жүргүзүү
8) ЖАМУнун *сайтында* ар бир окутуучусу жөнүндө, алардын илимий иши, окуу-усулдук эмгектери, аткарган иштери боюнча толук маалыматтарды системалуу түрдө жүктөө
9)Илимий даражалуу адистерди көбөйтүүнүн үстүнөн иштөө

**Төрага:** Мунун баары аккредитация үчүнбү же өзүбүзгө рейтинг чыгарып жатасыздарбы?

**Г.Т.Маматова-ЛАжББСБ башчысы:** Өзүбүзгө рейтинг чыгардык. Анткени, билим берүү программасы кайсы жерден аксап жатканын билүү керек болуп жатат. Жалпы университет боюнча студенттердин кесиптик сертификатын сурап жатат. Себеби, дипломдон сырткары ар бир балага сертификат беришибиз керек экен. М., бухгалтерлерге АДНС, программист, сварщик, повар дегендердин баарын кошо беришибиз керек. Ушул

тараптан иштерди жүргүзүшүбүз керек болуп жатат. ОПКнын ичинде лицензиялык талапка жооп бербеген кафедралар бар экендигин жогоруда көрсөттүк.

**Д.М.Чокоева-ИАМжД бөлүмүнүн башчысы:** Кандай критерийдин негизинде дене тарбия кафедрасы рейтингде 1-орунга чыгып калды?

**Г.Т.Маматова-ЛАжББСБ башчысы:** Бул боюнча ЖАМУнун сайтында Билим берүү программаларынын рейтинги деген бекитилген Жобо бар. Ал жерде кандай көрсөткүчтөрү менен орундарга чыгаары бар. Эл аралык, дүйнөлүк масштабдагы спортсмендери деген критерийден улам дене тарбия кафедрасы алдыга чыгып кетти. Анткени бул окуу жылында көп студенттерибиз чемпион болушту. Эгер чемпион болгон студент ТТФдан болсо баллын ТТФга коюп бердик.

**З.И.Сакбаева-ОБ башчысы:** МФ боюнча бөлүштүрүүдө студенттерди да кафедраларга бөлүп койдунарбы?

**Г.Т.Маматова-ЛАжББСБ башчысы**: Ооба, студенттерди өзүнчө карадык. Анткени жалпы көрсөткүч 10 кафедрага тең тиешелүү болуп жатканы үчүн, мисалы, госпиталдык терапияда илимий даражалуулукту башкаларга бөлгөн жокпуз. Жалпы студенттин саны баарына бөлүштүрүлөт.

**Төрага:** МФнын өзгөчөлүгүн да эске алуу керек. МФда бир эле кафедра выпускающий болуп саналат. Башка кафедраларда выпуск обучения жок. Биз рейтингте өзгөчө мамиле жасашыбыз керек. Ушул жылга чейин НААР көз карандысыз агенттиги рейтинг өткөрчү. Быйылдан баштап рейтингдин улуттук оператору EDNET болуп дайындалды, буйругу чыкты, мындан ары рейтингди ушулар өткөрөт. Ички рейтингдер, мисалы университеттин деңгээлиндеги, кыргызстандагы ЖОЖДор арасындагы бардык рейтингдердин жыйынтыгы менен эртең QS рейтингге кирүүгө аракет болуш керек. Өкмөт, инистрлик тарабынан QS рейтингге кирүүгө талап коюп, көз карандысыз аккредитациядан өтүп туруу талабын койду. Ушул жылы 2500-3000 ЖОЖ QS рейтингге катышты. Биз ТОП-1000дин катарына кирбесек да, окуу жайдын документтери кароого киргизилсе өзгөчө статус алган университеттерден мурда кирсек жетет. Бизде чоң мүмкүнчүлүктөр бар. Мисалы, чет өлколөрдө окуган студенттерибиз абдан көп. 30% ды түзөт. Чет өлкөлүк мугалимдерибиз да арбын. Конфуций институтунун мугалимдерин да чет өлкөлүк мугалимдер деп тизмеге кошуп койсок болот. QS рейтингге негизги басым илимге, четлкөлүк студент, чет өлкөлүк мугалим деген критерийлри бар. МФга чет өлкөлүк профессорлор эсеби жок келип сабак берип кетип жатышат. Биз илимий макаланы эл аралык журналдардан жарыялоону күчөтүүбүз керек. бир эле фактордо иштей албай жатабыз.С.Ж.Куваков, Д.М.Чокоева, бир жылда 300-400 макала Scopusтан жарыяланган болуу керек. ушул багытта иштерди күчөтүүңүздөр керек! Ар бир жасалган иштин натыйжасы болушу зарыл. Жыл сайын аккредитацияда илим бөлүмү аксайт.

Жогорудагы маселе боюнча АКтын жыйыны төмөндөгүдөй

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмү тарабынан 2022-2023-окуу жылындагы билим берүү программаларынын рейтингин чыгаруу боюнча маалымат эске алынсын.
2. Рейтингдин критерийлери боюнча студенттерди кесиптик жактан сертификациялоо (кошумча билим берүү) жагын колго алуу кафедра башчыларына, декандарга милдеттендирилсин.
3. Профессордук-окутуучулук курамдын илимий даражалуулун көтөрүү боюнча системалуу иш жүргүзүү (560005 Фармация, 560001 Дарылоо иши, 560001 Дарылоо иши (чет өлкөлүк жарандар үчүн,550300 ФББ чет (немец) тили, 550300 ФББ чет (анг) тили,

532000 ДТжС. 550200 ФМББ (Физика. информатика). 710100 (ИЭТ) кафедра башчыларына. декандарга милдеттендирилсин.

4. Илимий долбоорлор боюнча (окутуучуларды. студенттерди тартуу, өндүрүшкө окуу жана илимий ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын киргизүү (актылары)ж.б.) ишти күчөтүү боюнча Илимий иштер жана инновациялар боюнча проректору С.Ж.Кубаковго жүктөлсүн.

5. Билим берүү программалары боюнча квалификацияны жогоруулатууну уюштуруу кафедра башчыларына, декандарга, Үзгүлтүксүз билим берүү институтуна жүктөлсүн.

6. Студенттердин жана профессордук-окутуучулук курамдын академиялык мобилдүүлүгү боюнча пландаштырылган системалуу иш алып баруу кафедра башчыларына, декандарга, эл аралык бөлүмгө милдеттендирилсин.

7. Регионалдык. республикалык. эл аралык студенттик олимпиадаларга студенттерди даярдоо, катышуу, жеңүүчүлөр менен системалуу иштөө кафедра башчыларына, декандарга жүктөлсүн.

8. Бүтүрүүчүлөрдүн конкуренттешүүгө жөндөмдүлүгү, бюджеттик эмес тайпалардын бүтүрүүчүлөрүнүн жумушка жайгашуусу боюнча талдоо жүргүзүү, тиешелүү иш алып баруу кафедра башчыларына, декандарга, Карьераны өнүктүрүү жана өндүрүштүк практиканы уюштуруу бөлүмүнө милдеттендирилсин.

9. Жумуш берүүчүлөр менен кызматташууну улантуу. тиешелүү иш чараларды жүргүзүү кафедра башчыларына. декандарга. Карьераны өнүктүрүү жана өндүрүштүк практиканы уюштуруу бөлүмүнө жүктөлсүн.

10. Эл аралык базалардан Хирша индексине ылайык басылмаларды чыгарууну күчөтүү кафедра башчыларына, декандарга, Илимий иштер жана инновациялар боюнча проректору С.Ж.Кубаковго жүктөлсүн.

11. КР ББжИМнин грифи менен окуу китептерин, окуу куралдарын чыгаруу боюнча иштерди күчөтүүнү колго алуу кафедра башчыларына, декандарга, окуу-усулдук Кеңешке милдеттендирилсин.

12. Контракттык тайпаларга студенттерди кабыл алуу боюнча профориентациялык иштерди системалуу түрдө жыл бою алып баруу кафедра башчыларына, декандарга милдеттендирилсин.

13. Рейтингдин анализинин негизинде билим берүү программаларынын сапатын жогорулатуу максатында тиешелүү иш-чаралар иштелип чыгуу. аткаруу билим беруу программалардын жетекчилерине милдеттендирилсин.

Көчүрмө анык

Окумуштуу катчы Ырысбай к.С.

КАНЦЕЛЯРИЯ